**Ак-Тилек орто мектебинин 2020-2021 окуу жылга карата социалдык педогогдун жылдык отчету.**

Ак-Тилек орто мектебинде социалдык педогогдун жылдык иш планы түзүлдү.

Сенетябрь айында профилактикалык кеңешмелердин кеңешмесин уюштуруу жана иш пландары иштелип чыкты. Класс жетекчилер менен бирдикте окуучулардын курамын, турмуш тиричилик шартын жалпы аныктоо (учеттогу, жарым жартылай, томолой жетим, көп балалуулар, мүмкүнчүлүгү чектелген, мигрант) окуучулардын тизмеси такталды.

Мектептин социалдык паспорту түзүлдү. Көп балалуу, турмуш шарты начар үй-бүлөөлөрдүн, жетим балдардын материалдык абалы боюнча изилдөө жүргүзүлдү. Класс жетекчилер менен биргеликте 1-11-класска чейин үй-бүлөлүк зордук-зомбулук боюнча иш чараларды иштеп чыгуу менен, окуучулардын тизмеси түзүлдү.

Кылмыштуулукту алдын алууда алдын алуу кеңеши түзүлүп, ИДН кызматкери менен бирге онлайн режиминде талкуу жүргүзүлдү. Сентябрь айында мектеп администрациясы, класс жетекчилер менен бирге онлайн реж иминде жалпы ата-энелер чогулушу болул өттү.

Октябрь айында көп балалуу үй-бүлөөлөрдүн, жетим балдардын, майып балдардын материалдык абалдары изилденди. Онлайн режими болгондуктан класс жетекчилер менен бирдикте сабакка көп байланышка чыкпаган окуучулар менен сүйлөшүп, ата-энелери менен байланышып, түшүндрүү иштери жүргүзүлдү. 8-11-класстардын класс жетекчилери менен бирге тамекинин зыяндуулугу жөнүндө онлайн түрүндө маалымат берилди.

Өрт жана техникалык коопсуздук боюнча класс жетекчилер окуучуларга онлайн режиминде класстык сааттар өтүлдү.

«Адам сатуу кылмыш» аттуу темада 1-11-класстарга класстык сааттар өтүлүп окуучуларга слайд аркылуу сабактар көрсөтүлдү.

Окуучуларга онлайн түрүндө жолдо жүрүүнүн эрежелери тууралуу 1-11-класска чейин класстык сааттарды өтүлүп, маалымат берилди.

Окуучулардын ден-соолугунун сак жана сергек болуусуна COVID19 вирусу боюнча дайыма түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду. Жыл аягына чейин санитардык жана эпидемиологиалык эрежелерди сактоо керек экендиги жөнүндө окуучуларга, мугалимдерге маалымат берилди.

Ноябрь айында томолой жана жарым жартылай жетимдерге, аз камсыз үй-бүлөөлөргө Сатаев Зарылбек тарабынан жардам көрсөтүлдү.

2020-жылдын 15-ноябрынан 15-декабрга чейин «Зордук-зомбулукка жол жок» аттуу бир айлык иш чара болду. Мектеп жетекчилери, соц педогог уюштуруучу менен бирдикте көрүнгөн кечиктирилгис чаралар жөнүндө үй-бүлөөлүк байлык, моралдык тарбия берүү жана ата-эненин жоопкерчилиги тууралуу ата-энелер жыйналышы өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

«Зордук зомбулукка жол жок» аттуу класстык сааттар өткөрүлдү. 7-11-класстын окуучулары менен биргеликте «Зомбулукка каршыбыз!» аттуу тегерек стол өтүлүп, зордук-зомбулук жана рекетчиликке жол бербөө тууралуу суроо - жооп ирээтинде өз ойлорун айтышты. 3-4-класстарда «Зомбулуксуз дүйнө» аттуу сүрөттөр тартылды. Мээримге бөлөнүп зомбулуксуз чоңойгон балдар «Өлкөнүн келечеги» аттуу 5-6 класстарга диспуд сабагы өтүлдү.

Мүмкүнчүлүгү чектелген жана кары адамдар күнүнө «Боорукердик алтын ачкыч» аттуу 1-11-класскака чейин класстык сааттар өткөрүлүп, слайд түрүндө сабак көрсөтүлдү.

Диний экстримизмди алдын алуу боюнча октябрь айында онлайн режиминде окуучуларга маалымат берилди.

Ноябрь айында жол кырсыктарын алдын алуу боюнча 1-11- класска чейин түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Класс жетекчи жана соц педогог тарабынан кооптуу үй-бүлөөдөгү окуучуларга рейд жүргүзүлдү.

Декабрь айында «Өрт жана техникалык коопсуздук эрежесин сактоо» боюнча 1-11-класстарга класстык сааттар өтүлдү.

«Диний экстримизм Ислам дини жана дин тарыхы» тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

9-11-класстарга «Сергек жашоо образына үгүттөө» тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Декабрь айында насвай, тамеки жана алкоголь ичимдиктери тууралуу 6-10-класска чейин тегерек стол болуп, окуучуларга тамекинин жана насвайдын, алкоголь ичимдиктеринин зыяндуулугу тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

2021-жылдын январь айында кышкы каникул учурундагы балдардын эс алуусу уюштурулду. Мында спорттук оюндар өткөрүлүп, көбүнчө балдар шахмат, шашки оюндарын ойноо менен эс алышты.

Граждандык коргонуу күндөрү өткөрүлдү. «Өзгөчө кырдаалдеген эмне?», «Жер титирөөдө өзүн алып жүрүү», «Баарың көңүл бургула» деген сигналда эмне кылуу керек?. Турган жайларда чыгуунун эрежелери жана «Жапа чеккендерге алгачкы жардам көрсөтүү» боюнча класстык сааттар өткөрүлүп, 1-11-класска чейин түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Январь айында жалпы ата-энелер жыйналышы өткөрүлүп, балдардын окуу тартиптери, жол эрежелери, зордук-зомбулук тууралуу түшүнүк берилди. 5-класстын класстын окуучуларына класс жетекчиси Абышова А. «Дос жана достошуу» аттуу ачык класстык саат өткөздү.

1-11-класстын окуучулары менен ИДН кызматкери менен жолугушуу өткөрүп, балдар , кыздарга жыйналыш өткөрүлдү.

«Зордук-зомбулуксуз дүйнө» аттуу 1-11-класстарга класстык сааттар өтүлдү. «Зордук-зомбулукка каршыбыз» деген темада сүрөтө сынагы уюштурулду.

Февраль айында «23-февраль Ата-Мекенди коргоо» күнүнө карата окуучуларды аскердик потриоттук тарбиялоо максатында «21-кылымдын эр азаматтары», «Кана эмесе жигиттер» аттуу спорттук оюндар өткөрүлдү.

«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» аттуу класстык сааттар өтүлдү.

15-февраль Ооган согушуна» карата дубал газеталар чыгарылды, ачык класстык сааттар, 7-11-класстарга тегерек стол өтүлүп, слайд көрсөтүлдү, согуш тууралуу балдарга жеткиликтүү түшүнүк берилди.

«21-февраль Эне-тил күнү».

1-11- класстарга «21-февраль Эне-тил күнүнө» карата класстык сааттар өтүлүп, дубал газеталар чыгарылды. «Эне тилим эне сүтүм» аттуу ачык класстык саат 7-класска Сыдыкова М. Өттү.

Март айында 6-10-класстарга жол транспорт кырсыктарын алдын алуу менен балдардын ден-соолугун жана өмүрүн коргоо максатында мектеп ичинде « Жолдо жүрүү эрежелери» кароо сынагы өткөрүлдү.

Кыргыз республикасынын «Туу жана ак калпак» күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлдү.

8-март майрамына карата «Апама гүлдесте» атуу кыздар коңкурсу өтүлдү. 7-8-9-класстын кыздары ктышып, 9-класстын окуучулары коңкурстун жеңүүчүсү болушту.

«Нооруз – 2021» майрамын 3-класста «Нооруз-2021» майрамын Турдукожоева К. өттү.

1-11-класска чейин «Өрт тилсиз жоо» аттуу класстык сааттар өтүлүп, дубал газеталар чыгарылды. Өрт боюнча башталгыч класстын окуучулары сүрөт тартышты.

Коронавирус жана кургак учук жугуштуу ооруларына карата 3-11-класстарга жат жазуу жаздырылды.

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Б.К. Орозобаева.